**«Бекитемин»**

**«РМУ» ББМнин ректору**

**к.м.н. Алымкулов М.Ч.**

**№ ____ «__» ____________ 20__ж.**
**«РМУ» ББМнин Окумуштуулар кеңешинин протоколу**
**№____ от « ___ »_______20__ ж.**

# «РОЭЛЬ МЕТРОПОЛИТЕН УНИВЕРСИТЕТИ» БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН «ЭҢ МЫКТЫ СТУДЕНТ» СЫНАГЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек-2024**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

«Жылдын эң мыкты студенти» сынагы академиялык топтордун студенттеринин арасында өткөрүлөт жана студенттерди терең жана сапаттуу билим алууга, жеке жана кесиптик жактан үзгүлтүксүз өнүгүүгө шыктандырууга багытталган.

Ушул Жобо сынактын:

- максатын жана милдеттерин;
- катышуучуларынын категорияларын;
- өткөрүү тартибин;
- жыйынтык чыгаруу эрежелерин аныктайт.

## II. СЫНАКТЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Сынактын негизги максаты — студенттердин өзүн-өзү ишке ашыруу муктаждыктарын канааттандыруу, алардын ишкердик активдүүлүгүн, жалпы жана жалпы маданий компетенцияларын өнүктүрүү жана студенттик демилгелерди колдоо.

Сынактын милдеттери:

- студенттердин окуу, илимий, практикалык, спорттук жана коомдук иштерге болгон кызыгуусун жогорулатуу;
- жаштарды чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу;
- студенттердин коомдук маанилүү иш-чараларга катышуу мотивациясын күчөтүү;
- лидерлик жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- студенттик демилгелерди ишке ашырууга шарт түзүү;
- студенттердин тандаган кесибине жана адистигине болгон кызыгуусун арттыруу;
- катышуучулардын жеке потенциалын өнүктүрүү;

- студенттик чөйрөдө чыгармачылык, кызматташтык жана атаандаштык атмосферасын түзүү;
- студенттердин жеке жөндөмдөрүн жана кызыкчылыктарын эске алуу менен өз алдынча билим алуу иштерин системалуу түрдө өнүктүрүү.

## III. СЫНАКТЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ

Сынакка төмөнкү студенттер катыша алышат:

- бардык курстардын студенттери;
- окуу, спорттук, маданий, илимий-изилдөө жана коомдук иштерде жогорку жетишкендиктери бар студенттер;
- студенттик өз алдынча башкаруу органдарында активдүү иш алып барган студенттер.

Сынакка талапкерди академиялык топ сунуштайт.

Талапкерди тандоо топтун жалпы жыйынында жашыруун добуш берүү же өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жүргүзүлөт.

## IV. СЫНАКТЫН УЮШТУРУУ КОМИТЕТИ ЖАНА ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯСЫ

Сынактын негизги башкаруучу органы — Уюштуруу комитети.

Уюштуруу комитети:

- сынактын уюштуруучулук-укуктук жана маалыматтык-методикалык камсыздалышын жүргүзөт;
- сынакты уюштурат;
- керектүү тапшырмаларды жана документтерди даярдайт;
- ар бир этаптын баалоо критерийлерин аныктайт;
- сынактын жүрүшүнө көзөмөл жүргүзөт;
- жыйынтыктарды каттоону уюштурат.

Уюштуруу комитетинин курамына:

- Студенттик Сенаттын мүчөлөрү;

- окуу-методикалык бөлүмдүн өкүлү;
- кафедра башчылары;
- декан кирет.

Эксперттик комиссия Уюштуруу комитети тарабынан түзүлөт.

## V. СЫНАКТЫ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

Сынак жыл сайын өткөрүлүп, жыйынтыгы чыгарылат.

Сынак 3 этапта өткөрүлөт.

**I этап**

Ар бир топто өзүнчө өткөрүлөт жана талапкерлер арасынан конкурсанттар тандалат.

**II этап**

Ар бир талапкер өзүн тааныштыруу конкурсунда катышат. Биринчи этаптын жеңүүчүлөрү өз ара ат салышат. Жыйынтык комиссия тарабынан чыгарылат.

**этап (финалдык)**

Экинчи этаптын жеңүүчүлөрү катышат. Жыйынтык комиссия тарабынан аныкталат.

Биринчи этаптын жеңүүчүсүнө: **«Топтун эң мыкты студенти»** наамы ыйгарылат.

Экинчи этаптын жеңүүчүсүнө: **«Адистиктин эң мыкты студенти»** наамы ыйгарылат.

Үчүнчү этаптын жеңүүчүсүнө: **«Жылдын эң мыкты студенти»** наамы ыйгарылат.

## VI. ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАРУУ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ СЫЙЛОО

Сынактын жыйынтыгы этаптар боюнча топтолгон упайлардын негизинде комиссия тарабынан чыгарылат.

«Жылдын эң мыкты студенти» сынагынын жеңүүчүсү диплом жана кубок менен сыйланат.

Башка номинациялардын жеңүүчүлөрү дипломдор жана эстелик белектер менен сыйланат.

Калган катышуучулар катышкандыгы үчүн диплом алышат.

Сынактын жыйынтыктары университеттин сайтына жарыяланат.

**ТИРКЕМЕ 1**

## СЫНАКТЫ БААЛООНУН КРИТЕРИЙЛЕРИ ЖАНА ТАРТИБИ

| № | Баалоо критерийлери | Упай |
|---|---|---|
| | Студенттин жетишүүсү | 0–5 |
| | Баалары толугу менен “5” | |
| | “4” жана “5” баалары | |
| | Аралаш баалар (“3”, “4”, “5”) | |
| | Коомдук ишмердүүлүк | 0–5 |
| | Олимпиадалардын жана конкурстардын жеңүүчүсү | 0–5 |
| | Университеттин активисти | 0–5 |
| | Университеттик иш-чаралардын уюштуруучусу | 0–5 |
| | Илимий-изилдөө иши | 4–5 |
| | Илимий-практикалык конференцияларда баяндама жасоо | 4–5 |
| | Өзүн-өзү тааныштыруу | 0–5 |
| | Чечендик өнөр | |
| | Тамашакөйлүк | |
| | Жалпы маданият жана эрудиция | |
| | Башка көрсөткүчтөр | 0–5 |

**Өзүн-өзү тааныштыруу боюнча талаптар:**

- узактыгы 3 мүнөткө чейин;
- конкурсант сөзсүз түрдө сахнада болушу керек;
- презентация көрсөтүлөт;
- презентацияда төмөнкүлөр камтылышы керек:

    туденттин сүрөтү жана аты-жөнү;

    дистиги;

    урсу;

    ниверситеттин жана шаардын коомдук жашоосуна катышуусу;

    ашоо урааны;

    ызыгуулары жана хоббилери.

**ТИРКЕМЕ 2**

**«ЖЫЛДЫН ЭҢ МЫКТЫ СТУДЕНТИ» СЫНАГЫНА КАТЫШУУ ҮЧҮН ДОКУМЕНТТЕРДИН ТИЗМЕСИ**

аа китепчесинин кадрлар бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

уратордун мүнөздөмөсү;

р кандай конкурстардын дипломдорунун жана грамоталарынын көчүрмөлөрү;

лимий жетекчинин рецензиясы.